*Тайгараев Р.А.*

# БАЙЫРКЫ РИМ МАМЛЕКЕТИНИН УКУКТУК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Тайгараев Р.А.*

# ПРАВОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ДРЕВНЕГО РИМСКОГО ГОСУДАРСТВА

*R.A. Taygaraev*

# LEGAL CHARACTERISTICS OF THE ANCIENT ROMAN STATE

*УДК: 340.1*

*Байыркы Рим өзүнүн миң жылдан ашуун жашоосунда чоң державага айланып, өзүнүн саясий, административдик үстөмдүгүн Батыш Европанын көпчүлүк өлкөлөрүнө чейин жайылткан. Адамзат тарыхында римдин укугу зор орунду ээлейт, себеби ал рим эли пайда болгондо кошо түптөлүп ошону менен бирге дүйнөнү эки ирет багынткан десек болот. Римде абстрактуу укуктук форма пайда болуп, жеке укукка байланыштуу пайда болгон ар кандай мамилелерди ийгиликтүү жөнгө салып келген. Ошого байланыштуу факт катары, байыркы рим укугу байыркы рим мамлекети менен кошо жашап, кийин римдиктерди жаны жашоого багыт кылган көрсөткүч десек болот. Бул макалада Байыркы Рим мамлекетинин тарыхына, административдик башкаруусуна, жарандардын укуктук статусуна анализ жүргүзүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *Рим мамлекети, жарандар, тарых, өнүгүү, укуктук статус, реформа, укук, мамлекеттик түзүлүш, Империя.*

*Древний Рим в своей тысячелетней истории существования превратился в великую державу, распространяла свое политическое, административное превосходство до большинства Западноевропейских стран. В истории человечества римскому праву отводится совершенно исключительное место: оно пережило создавший его народ и дважды покорил себе мир. В Риме была создана абстрактная правовая форма, которая успешно регулировали любые частнособственнические отношения. Этим объясняет тот факт, что римское право пережило римскую государственность и приобрело новую жизнь в рецепции. В данной статье проводится анализ истории Римского государства, административному управлению, правовому статусу граждан.*

***Ключевые слова:*** *Рим, государство, граждани, история, развитие, правовой статус, реформа, право, государственный строй, Империя.*

*Ancient Rome in its thousand-year history of existence has become a great power and spread its political, administrative superiority to most Western European countries. . In the history of mankind, a completely exceptional place is given to Roman law: it survived the people who created it and conquered the world twice. An abstract legal form was created in Rome, which successfully regulated any private ownership relations. This explains the fact that Roman law survived Roman statehood and acquired a new life at the reception.This article analyzes the history of the Roman state, administration, and the legal status of citizens.*

***Key words:*** *Rome, state, citizens, history, development, legal status, reform, law, political system, the Empire.*

Мында мамлекет Афинадагы классикалык формадан айрымаланып, алгачкы адам зат коомун зордоп кыйратуунун натыйжасында пайда болгон.

Байыркы Римдеги мамлекеттин тарыхы негизги үч мезгилге бөлүнөт:

1) мамлекеттин пайда болгон мезгили же «падышалардын мезгили» (VIII-VI кк..); республикалык мезгил (б.э.ч.V к.дан - б.э.ч. 27-ж.);

2) империя мезгили (б.э.ч. 27-жылдан б.э. 476-ж-на чейинки мезгил), ал өз кезегинде эки мезгилге – принцип атка жана доминатка бөлүнөт.

3) акыркы этабында Рим мамлекети Батыш жана Чыгыш империяларына бөлүнөт. Батыш Рим империясы 476-ж. герман урууларынын соккусу астында кыйрап жок болот, а Чыгыш же Византия империясы дагы миң жылдар жашаган. Рим шаарынын курулушун тарых б.э.ч. 753-жылга алып барат, ал учурда Тибр дарыясынын жээгинде жашаган урук эл алгачкы коомдук түзүлүштүн акыркы стадиясында жашап, общинаны тузүшкөн. Алар латин, сабин жана этрускалар болушкан. Плебейлер эркин болушкан, бирок граждандык, саясый, мүлктүк, үй-бүлөлүк укуктарда чектелген. Общинанын башында шайланма башчы турган, ал чектелген аскердик, сопук, айминистративтик укуктарга ээ болгон. Башкаруу органы деп тектердин аксакалдар совети - сенат саналган, маанилүү маселелерди элдик чогулущ караган. Соода жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү менен келгин адамдардын саны артат, алардын арасында байлары жана кедейлери арбыйт.

Болжол менен б.э.ч. VI к. жүргүзүлгөн реформалар калкты мүлкүнүн жана ээлеген жеринин өлчөмүнө жараша 6 разрядка бөлгөн, 1-тобу байлар түзгөн жана алардын ичинен өзгөчө топ - атчандар тобу бөлүнүп чыккан, алар эң маанилүү согуштук жана саясый ролдорду ойногон. Реформа боюнча Рим 4 шаардык

жана 17 айылдык округдарга бөлүнүп, алардын составына патрицийлер да, плебейлер да кирген, акыркылар эми элдик чогулуштарга катышуу укугун алышкан б.э.ч. 494-ж. плебейлердин трибуну түзүлүп, ага вето укугу ыйгарылган, б.а. ар кандай органдардын жана кызмат адамдарынын көргөзмөлөрүн жана токтомдорун аткарууга тыюу сала алышкан; 451-450-жж. XII таблицалардын Закондорун кабыл алуу менен, б.э.ч. 367-ж.дагы Лиций менен Секстийдин, 364-337- жж. Башка закондордун кабыл алынышы менен плебейлер граждандык жана мамлекеттик иштердин бардыгында патрицийлер менен барабар укуктарга ээ болушкан.

Б.э.ч. 509-ж. акыркы реке Тарквиний Гордыйды сүрүп чыккандан кийин Римде аристократиялык республика орногон. Анын учурунда өндүрүштүн кул ээлөөчүлүк жолу тездетилген, калктын айрым топторунун абалы бир топ өзгөргөн, Римди куч кубаттуу дүйнөлүк державага айландырган басып алуучу согуштар ийгиликтүү жүргүзүлгөн. Социалдык жагынан калк эркин адамдарга жана кулдарга бөлүнгөн. Эркин адамдар мүлктүү төбөлдөрдөн жана майда өндүрүшчүлөрдөн турган. Кулдар аскердик туткундардан, чет өлкөлөрдөн сатылып келгендерден жана карызы үчүн кулдукка өзүн өзү саткандардан куралган. Б.э.ч. II-I кк.да кулдардын саны жарым миллионго жетип, эркин калктан (400 миң адамдан) бир топ ашкан. Убакыт өткөн сайын кулдардын эмгеги өндүрүмсүз боло баштаган жана ошондон улам байлар кулдардын эмгегин өнүмдүү кылуунун жолдорун издөөгө аргасыз болушуп, өздөрүнүн мүлкүнөн кулдарга бөлүп берүү же пекулийлердин жардамы менен же жерин арендага берүү - колонат аркылуу кулдардын кызыкчылыгын арттырмакчы болушат. Бирок пекулий да, колонат да натыйжа бербейт. Ошондон улам кулдарды массалык түрдө боштондукка чыгарып, алардын өз кожоюндарынын алдында материалдык жана эмгектик милдетүүлүгүн сактап калышат.

Рим республикасында адамдардын укуктук абалы үч статус менен – эркиндиктин шаждандуудуктун жана үй - бүлөнүн статусу менен аныкталган. Ушул үч статуска толугу менен ээ болгондор гана толук укуктуу деп эсептелген. Мамлекеттик укукта бул элдик чогулушка катышуу жана мамлекеттик кызматты ээлөөгө укуктуулукту билдирген; жекече укукта ал римдик никеге кирүүгө жана мүлктүк мамилелерге катышууга укук берген. Эркиндиктин статусу боюнча Римдин калкы эркин адамдарга жана кулга бөлүнгөн. Толук укуктуу болуп эркин адам гана эсептелген. Граждандуулуктун статусу боюнча Римдин эркин калкы граждандарга жана чет элдшегерге (перегриндерге) бөлүнгөн. Толук укук жөндөмдүүлүгүнө эркин туулган римдик граждандар гана ээ боло алышкан.

Б.э.ч. III-II кк.да артыкча укуктарга ээ болгон нобилдердин жана атчандардын сословилери пайда болот. Алар өлкөнүн саясатын аныкташып, мамлекеттик жана административтик жогорку кызмат орундарын ээлешкен. Үй-бүлөнүн статусу саясый жана мүлктүк укук жөндөмдүүлүгүнөн римдик үй-бүлөлөрдүн башчылары - үй ээлери гана пайдалана алышарын билдирген. Статустардын өзгөрүшү менен адамдардын абалы да өзгөрүп турган.

Рим республикасынын мамлекеттик механизминде сенаттын ролу жогору болгон. Консулдар согуш маселелери менен алектенишкен, преторлор – трибаларга жана разряддарга бөлүш үчүн жана сенаторлор үчүн граждандарды катгоо менен алектенишкен, эдиддер шаар даты коомдук тартипке, базардагы соодага көз салышкан, майрамдарды жана оюн-зоокторду уюштурушкан. Армия саясый, согуштук, административтик-территориялдык областарда эң чоң роль ойногон. Ал атургай б.э.ч.88-ж. Римге кирип келип, римдик республиканы кулаткан. Кийинчерээк Римде таптык социалдык карама каршылыктар өтө курчуйт. Рим империясынын багыгталыш мезгили деп аталат. Империянын коомдук түзүлүшү жер ээлеринин, барьщан мурда нобилдер менен атчандардын ролун жогорулатуу менен мүнөздөлөт, алар сенатордук сословияга өтүп, бардак маанилүү мамлекеттик жана граждандык кызматтарды ээлеп, закон чыгарышат. Кулдардын абалы бир канча жеңилдейт, аларга үй-бүлө, мүлк күтүүгө укук берилет, бирок алардын коллективтүү жоопкерчилиги сакталып калат. Шаар жана айыл жериндеги эркин майда өндүрүшчүлөрдүн катмары өсөт, ардагер жоокерлерден жер алгандар көбөйөт. Бирок алардын абалы туруксуз бойдон калат. Алар карызтокорлугу үчүн мураска берилүүчү кулдарга айланышкан.

**Мамлекеттик түзүлүшү**. Империянын мамлекеттик түзүлүшү адегенде республикалык органдарды айкалыштырган, анан акырындап алардан баш тартып, өз органдарын түзөт. Б.э. III кылымдын аягында монархия биротоло бекийт. Империянын мезгилин эки этапка бөлсө болот. 1-принцип ат (б.э.ч. I к. - б.э. Ш к.) - аталышы «принцепус - сенатус» - биринчи сенатордон чыгат. Бул титулду биринчи жолу империянын негиздөөчүсү Октавиан Август сенатган алган. Ал сенаторлордун тизмесинин башында биринчи болуп коюлган, биринчи болуп сүйлөгөн жана сенаттын чечимин алдын ала аныктаган;

2- доминат (б.э. III-V кк.) - аталышы «доминус» - господин, ээси - дегенден алынган жана императордун чексиз бийлиги биротоло орногонун туюндурат.

Принципат. Мамлекетти башкаруу принцепске өткөндүгү аны жогорку бийлик - империум менен камсыз кылып, маанилүү кызматтарга шайлап, магистратуралардан бөлөк ага өзүнчө чиновниктердин аппаратын түзүп, принцепстин өз казнасынан камсыз

болгон бардык армияларга командалык кылуу менен камсыз болгондугу менен далилденген. Республикалык көнүмүштөрдөн айрымаланып, принцептер бир эле учурда консул дагы, цензор дагы жана элдик трибуна дагы болуп шайланышкан. Сенаттын укуктары бир топ азайган. Б.э. П кылымдан тартып ал принцепстин сунуштарын гана бекитип, мамлекеттик финансы жана провинциалык башкарууну тескөө укугу чектелет, согуш жана сырткы саясат жагындагы бийлиги толугу менен кыскарат. Республикалык магистратура менен катар императордун чиновниктик аппараты түзүлүп, анын башында принцептин советтери менен канцелярлары турат. Анын составына бир катар ведомстволор кирет. Акырындап бардык провинциялар императордуку болуп калат.

Армия. Армияга командалык кылуу укугу жана аны мамлекеттин жана өз казынасынын эсебинен кармоо мүмкүнчүлүгү пайда болгон. Армия мамлекетгин коопсуздугун жана территориялдык көз карандысыздыгын коргоонун башкы күчү болуп калат. Армия үч түргө болүнүп, биринчисинде преториандыктар римдик граждандардан чыккандар кызмат отеп, легиондордон 3,5 эсе артык айлык алышкан, 16 жылы кызмат өтөшкөн; экинчисинде граждандык провинциялардан алынган легионерлер топтолуп, 20 жыл кызмат өтөп, кулчулук чарбасын жүргүзгүдөй айлык алып жана провинциялык байлардын катарына кошулгудай болушкан; үчүнчү бөлүгүндө римдик граждандардын укугу болбогон провинциялардан граждандарынан алынган жардамчы адамдар иштешкен, алар 25 жылга чакырылган, легионерлерден үч эсе аз айлык алышкан, катуу тартипте жана оор жазада болушкан, рим граждандуулугун алууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Доминат. Кулдардын көтөрүлүшү улам барган сайын бат бат, кеңири дагы боло баштайт, аларга колондор менен эркин кедейлер да кошулушат. Абал Рим тарабынан багындырылган элдердин боштондук күрөшү менен ош бетер оорлойт. Империянын калкы мамлекеттин граждандарынан императорго баш оту менен берилгендерге айландырылган. Мурдагы принцепстин жеке кеңеши мамлекеттик советке – консисториумга айландырылат, тиешелүү укуктары бар граждандык, аскердик жана ак сарайда иштөөчү чиновниктер пайда болот, Римди император өзү дайындаган префект башкарып калат, сенат кеңешчи орган болуп калат, магистраттар жергиликтүү кызматкерлерге айланат. Кулдардын жана багынтылган элдердин массалык согуштарына байланыштуу, герман, славян жана кичи азиялык уруулардын кол салуусунан коргонуу максатында армия экиге бөлүнөт – көтөрүлүштү басуучуга жана чек араны коргоочуга. Преторлордун гвардиясы ак сарайдын сакчыларына айлантылып, кайрадан түзүлөт, жалпы империялык жана жашырын полициялар күчөтүлөт. Империянын андан аркы өнүгүшүндө Диоклетиандын реформалары чоң роль ойногон, ал андан кийин Константиндин закондорунда бекемделип, өнүктүрүлгөн. Жер ээлери колондордон жана айыл чарбада иштеген жумушчулардан армияга рекруттарды жөнөтүп турууга милдеттендилген.

Жыйынтыктап айтканда, Рим республикасы Афинадагы кул ээлөөчү республикадан айрымаланып, аристократиялык болгон жана кул ээлөөчү бай төбөлдөрдүн артыкчылык абалын камсыз кылган, а бул болсо мамлекеттик органдар деп аталган элдик чогулуштун, сенаттын жана магистратуранын өз ара катнаштарынан жана алардагы байлардын бийлик укуктарынан көрүнгөн. Элдик чогулуштар үч түрдө центуриатгык, трибуттук жана куриаттык түрүндө болушкан. Центуриаттык чогулуштар закондорду кабыл алышкан, жогорку кызмат адамдарын (консулдарды, преторлорду, цензорлорду) шайлашкан, согуш жарыялашкан, өлүм жазасына тарткан өкүмдөргө келтирилген даттанууларды карашкан. Ал чогулуштар мамлекеттин турмушунда башкы роль ойногон.

**Адабияттар:**

1. Римское право. Практикум-хрестоматия. Иркутск: Восточно-Сибирский институт МВД России, 2004. - 218 с.
2. Римское право. Учебно-методический комплекс. - Иркутск: Восточно-Сибирский институт МВД России, 2007. - 350 с.
3. Римское частное право. / Под редакцией Новицкого И.Б., Перетерского И.С. - М., 2004. - 57 с.
4. Хрестоматия по всеобщей истории государства и права / Под редакцией К.И. Батыра и Е.В. Поликарповой. - М., 2000. - С. 72-236.
5. Хрестоматия по истории государства и права зарубежных стран (Древность и Средние века). - М., 2000. - С. 105-216.
6. Агарков М.М. Ценность частного права. - Иркутск, 1919. - С. 354.
7. Бартошек Милан. Римское право. Понятия, термины, определения. - М., 1989. - С. 183.

**Рецензент: к.ю.н., доцент Садиева Д.А.**